...ӨН СОЗУП ЫРДАЙЛЫ

Ар намыска бек турган,
Азаматтар чеп курган.
Сагынышып көрүшүп,
Саламдашып ыр сунам.
Күйөө келсе кыз даяр,
Мүнүшкөргө куш даяр.
Калк көңүлүн алууга,
Качан болсо биз даяр.

Өмүр көчү дайрадай,
Өтө берет турбайбы.
Салтты бузбай эмесе,
Санат ырын ырдайлы.
Ыр көпүрө куралы,
Көңүл ачып туралы.
Ортобузду толтуруп
Обон созуп ырдайлы.

Кана эмесе жигиттер,
Айтканыма жооп бер.
Жүрөктөгү ырыңды,
Эч аянбай төгүп бер.
Кыздын чачы улуу дейт,
Кыз кыялы сулуу дейт.
Кыз сыйлаган жигиттин,
Жүрөк оту жылуу дейт.

Кылыгына мас кылган,
Кыздар гүл да, биз суубуз.
Өзүңөргө жете албай,
Өтөбүзбү биз кургур.
Жашообузга шаң берип,
Жакшы ырлардан ырдайлы.
Жакшылыкка жанашып,
Жаркылдайлы, жыргайлы.